# АЛИ ВЕЛШИ
# БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ
# 2024-ЖЫЛДЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН АЗЕМИ

15-ИЮНЬ, 2024-Ж.

Жалпыңыздарга кутман таң!

Улуу урматтуу Кыргыз Республикасынын Билим жана илим Министри Докторгүл Кендирбаева!

Тажикстан Республикасынын Билим жана илим Министри Саидзода Рахим Хамро!

Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Алтынбек Эргешов!

Тоолуу Бадахшан автономдуу облусунун губернатору Мирзанабот Алишер Худоберди!

Камкорчулар Кеңешинин төрагасы доктор Шамш Кассим-Лакха!

Камкорчулар Кеңешинин мүчөлөрү!

Ректордун милдетин аткаруучу Кристофер Герри!

Гуманитардык жана так илимдер Мектебинин деканы Максим Хомяков!

БАУнун окутуучулары жана кызматкерлери!

Ата-энелер жана үй-бүлө мүчөлөрү!

Ардактуу меймандар!

Ошондой эле 2024-жылдын бүтүрүүчүлөрү!

Куттуктайм! Бул зор жетишкендик!

Чакыруу үчүн чоң рахмат! Мен үчүн бул жылы бүтүрүүчүлөрдүн аземинде куттуктоо сөзү менен чыгып сүйлөө чоң сыймык! Мына ушул кереметтүү жерде баарыңыздардын алдыңыздарда ажайып бир өзгөчө күндө сиздерге кайрылуу чоң мүмкүнчүлүк берилип жатканы мен үчүн өзгөчө сыймык! Анткени мен мурда Борбордук Азия Университетинин (БАУ) студенттери менен иштешип калгам. Силер кандай акылдуу, ынтызар жана эмгекчил экениңерди жакшы билем.

2018-жылы мени Тажикстандагы Хорог кампусуна БАУнун студенттерине бизнес-пландар боюнча конкурс өткөрүүгө көмөктөшүү максатында чакырышкан эле.

Бул бизнес-пландардын сынагынын мен мурда Америка Кошмо Штаттарында катышкан мелдештердин түрүнө окшоп кеткен жагы бар эле. Бул идея силердин көбүңөргө тааныш болсо керек деп ишенем: студенттердин тобуна өзүнүн жашаган жериндеги, өлкөсүндөгү

же аймагындагы бизнес-көйгөйдү аныкташ керек жана жергиликтүү деңгээлде колдоно билиш керек. Сынактын жүрүшүндө аларды кээ бир макроэкономикалык принциптерге үйрөтө алдым. Ошондой эле экономикалык ийгиликке алып келе турган сабактар жана мисалдар менен тааныштыра алдым. Алар процесстин натыйжасында адамдарга өнүгүүнү жана ийгиликтерди алып келмек болчу. Ошондой эле аларды иш жүзүнө ашырган жана тобокелчиликке барган адамдарга, алардын үй-бүлөлөрүнө жана коомчулукка да пайдасы тиймек.

Бул студенттер силер сыяктуу эле мурда мен окуткан студенттердин бир аз айырмаланып турат эле. Студенттер мен такыр болуп көрбөгөн Тажикстандан болчу жана алардын маданияты тууралу өтө аз билет элем. Мен алардан эмне күтөөрүмдү билбей эле келип калган элем. Бирок мен айран таң калган бойдон кайттым.

Алар сунуштаган бизнес-долбоорлор таң каларлык болчу. Алар ушунчалык шыктандыра турган жана мыкты долбоорлор эле. Ал түгүл бул студенттердин долбоорлорун инвестициялаганга жарактуу болчу. Булар мен Америкада стартаптардын инфраструктурасында өсүп чыккан студенттердин көп учурда ийгиликтүү болгон бизнес-пландарына окшош эле.

Бул Хорогдук студенттер мени эгер адамдарга ресурстарды берсе, анда улуу иштерди жасоого жөндөмдүү боло турганына үйрөттү. Силердин инновацияларга болгон жөндөмүңөр силердин кайсы жерден экениңер менен таптакыр тиешеси жок. Зарыл болгон шаймандар колдо болсо, ар бир адам өзүнүн гана эмес, биздин коомдун да жакшырышына жол салууда реалдуу ийгиликтерге жетишүүгө шыктуу.

Бул эң башкы маанилүү учур. Силер баарыңар БАУнун бүтүрүүчүлөрүсүңөр. Силерге укмуштуудай күч-кубат берилди. Бул силер жаңы гана культивация кылып баштаган өзгөртүүчү күчкө ээ болгон билим.

Бул силердин мүмкүнчүлүк! Ийгиликтин ачкычы – бул адам менен кошо туулган потенциал жана мүмкүнчүлүктөрдүн кесилишкен жери. Мүмкүнчүлүктөр болсо – бул силерге эң сонун билим аркылуу берилген нерселер. Мүмкүнчүлүктөр – бул силер буга чейин пайдаланган нерселер: силердин окууга тапшырганыңар, окууга макулдугуңар жана бул жерде окуп баштаганыңар.

А силер болсо алдыңкы саптагы профессорлордон мыкты билим алып гана тим болбостон, ошол эле мезгилде ажайып тоолордун арасында кыраакы жана акылы тетик курдаштарыңардан да көп нерсени үйрөнүп жаттыңар. Силер глобалдуу экономика, Жер жана курчап турган чөйрө тууралуу, коммуникация жана жалпыга маалымат берүүчү каражаттар, компьютер илимдери боюнча билим алып баарына көзүңөр ачылды. Силер талыкпас мээнетке жатыгып, көптөгөн сынактарга туруштук бере алдыңар.

Бирок айрым бир адамдарга талыкпаган эмгек жана өжөрдүккө карабастан, мындай мүмкүнчүлүктөр оңой-олтоң келе бербейт. Ал эми силер бул жагынан жолдуу болдуңар. Силердин диплом - бул силерге мүмкүнчүлүктөрдүн чагылганы чагылды дегендиктин далили. Жана силер ошол мүмкүнчүлүктөрдүн бурамасын колго алдыңар. Эми силер ушулардын баарын дүйнө жүзүнүн пайдасына иштете билишиңер абзел.

Дүйнө силерге болуп көрбөгөндөй муктаж болуп турат. Борбордук Азия силерге муктаж болуп турат!

Бул чечүүчү мезгилдеги нерсе:

Өзүңөр билгендей, климаттын өзгөрүшү аймактардагы аптаптуу ысык, кургакчылык жана катуу жааган жаан-чачындардан улам экологиялык инфраструктураны бузуп жатат. Кыйраткыч сел каптоолор айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүнө зыянын тийгизип, өз кезегинде азык-түлүк коопсуздугунун каатчылыгына алып келип жатат.

Бул көйгөйлүү маселелер силер туулуп өскөн тоо койнундагы кыштактар сыяктуу коомчулуктарда барган сайын кыйындап бара жатат. Ал эми Борбор Азиядагы 22 миллион адам таза сууга жетпей жашап жатышат.

Муну менен катар бүтүндөй аймактар боюнча мектептерде мугалим менен ресурстардын жетишсиздигине дуушар болуп, балдарды окутуу үчүн зарыл болгон окуу китептери жана башка материалдар таңсык болууда.

Билимдин жеткиликтүүлүгүнүн татаалдыгы аймактардагы бул жүрөк өйүткөн көйгөйлөрдү ансайын курчутуп жатат.

Албетте, бул болсо өз кезегинде бүгүнкү силердин жетишкендигиңер болгон БАУдан окууну аяктап жатышыңардын маанисин дагы да арттырат. Силердин өлкө, силердин муун, силердин маданият туш болуп жаткан көптөгөн көйгөйлөрдү окуп үйрөнүүгө силер төрт жыл убактыңарды короттуңар.

Арийне, мендей болуп башка жактан келип силердин көйгөйлөрдү саймедиреп айтып берген кишинин зарылдыгы деле жок. Силердин бул окуу жайга өтүш үчүн канчалык деңгээлде мээнет сарптаганыңарды, жогорудагы көйгөйлөр тууралуу, өз өлкөсүнө жана өз элине жардам бериш үчүн силерге эмне кылыш керек экендигин айтып берүү кажет эмес.

Силер эмнени оңдош керек экендигин жакшы билесиңер. Мен болгону бул жерде силерди барып ошол нерселерди жасоого шыктандыруу үчүн гана турам. Өзүңөрдү, эмгегиңерди, балким, калган өмүрүңөрдү башка адамдардын жашоосуна кызмат кылыш үчүн арнап коюуну өз миссияңарга айланткыла. Ал адамдар силердин үй-бүлөнүн мүчөлөрү, силердин чоң үй-бүлөңөрдөгү туугандарыңар, силердин коомчулук, өзүңөрдүн аймактын, өлкөңөрдүн адамдары болушу мүмкүн.

Мен университетти мындан 30 жыл мурда аяктагам. Ал кезде заман да башка эле, өлкө да башка болчу, силер жашаган жерге окшобойт эле. Бирок силер менин тарых-таржымалымдан өзүңөрдү көрө алышыңар мүмкүн. Мени журналистика кызыктыра турганын мен бүдөмүк билет элем. Бирок мен жолдой турган так багыт болгон эмес. Менин үй-бүлөмдө эч ким журналистика менне алектенген эмес. Анын үстүнө Канадада мен азчылыктарга тиешелүү болгондуктан, мага окшогон адамдын ал жакта болушу күмөн эле. Балким мен турмушумда кандайдыр бир деңгээлде үй-бүлөлүк индустриямдын алкагынан чыга турган бир нерсени издедим. Негизи менин үй-бүлөмдүн башкы иш тармагы мамлекеттик кызмат болчу.

Айрым бир адамдар мамлекеттик кызматты бир башкача элестетишет, ага алардын убактысы да жок. Бирок менин ата-энем башкача эле. Алардын пикиринде мамлекеттик кызмат – бул силер «сүйгөн иш эмес», «кылыш керек болгон» жумуш деп эсептешчү.

Көчөдөгү чуңкурлар өзүнөн-өзү толуп калбайт. Китепканалар менен ооруканалар өзүн өзү каржылай албайт. Таштанды калдыктары өзүнөн-өзү тазаланып чогулуп калбайт. Биз көбүнчө мындай жумуштар тууралуу өкмөттүн милдети дегендей ойлонсок да, бул иштерди өкмөт коомчулуктун салымы жана катышуусу менен гана мыкты деңгээлде жасай алат. Силер эң жакшы билесиңер, өзүңөрдүн элиңер жана коомчулук эмнеге муктаж, кандай нерсе жакшы иштеп берет. Андыктан силер өзгөрүүлөрдү киргизиш үчүн бул иштерге жигердүү катышууңар керек.

Албетте, мен муну түшүнөт элем. Ошол «кимдир бирөө» бул ишти кылыш керек дейт элем. Бирок «мен өзүм» негедир «ал кишинин» ордунда болгум келбейт эле.

Мен университетти көп нерсеге көзүм ачылып, оптимизм менен аяктадым. Өзүмдүн журналисттик карьерамды таасир берүү максатында баштадым. Бирок мен журналисттик кесипти мамлекеттик кызмат катары эсептеген жокмун. Бул иш мен үчүн жөн гана жумуш болчу. Бирок мен үчүн мамлекеттик иш эмес эле.

Андан соң мен карьера тепкичинде улам жогорулаган сайын менин шаарым, менин аймагым, менин өлкөм жана дүйнө туш болгон ар кыл көйгөйлөргө дуушар болуу менен мага ушундай бир ой келди: мен өз ишимди аткаруу менен ушул чоң жана кичине көйгөйлөргө бир кыйла таасир эте алам деген. Бирок чындыгында андай өзгөртүүлөрдү киргизүүгө менде мүмкүнчүлүк болбоду.

Мен жергиликтүү жаңылыктар боюнча кабарчы элем. Бирок менин шаарым Торонто жана ага чектеш аймактар менен гана чектелчү. Мен жол кырсыктары, үйлөрдөн чыккан өрт, киши өлтүрүүлөр, бактын башынан түшө албай калган кичинекей мышыктар тууралу кабарларды жеткирет элем. Ал кезде заман азыркыдан жөнөкөйүрөөк эле. Бактын башынан түшө албай калган мышыктардын окуясы укмуштуудай кызыктуу эле. Жерге түшө албай жаткан мышыктарды куткаруучуну сыналгыдан ар кандай ракурстардан көрүш үчүн тартуу максатында бизде кээде үч же төрт камера болот эле.

Мен чоңойгон Канадада кышкысын өтө суук болот. Адаттан тышкары кычыраган катуу суук күндөрдүн биринде мени Торонто зоопаркына жиберишти. Ал жактан ак аюулар суук ушунчалык катуу болгондуктан мекенине кеткиси келген окуяны сүрөттөп жазуум керек болчу.

Дайыма табигый суук өкүм сүрүп турган жерде кардуу жана муздак жер тууралу окуяны баяндоо мени ар дайым өзүмдү бир аз макоо сезүүгө мажбур кылат эле. Ал сезимдер мени дүйнөнү өзгөртүп жатканымды ойлоого мүмкүндүк берчү эмес. Жадагалса бир аз болсо дагы. Жергиликтүү жаңылыктар боюнча иштегенден кийин ишкердик дүйнөсү тууралуу репортаждарга киришет элем. Канаданын алгачкы убактысында (прайм-тайм) биринчи алып баруучу катары иштечүмүн. Прайм-тайм – жаңылыктардын эң маңыздуу убактысы. Бул мезгилде адамдар жумуштан кайтып үйлөрүндө болушат жана кечки тамактануудан кийин сыналгыны көрүшөт. Мен экономисттерден, саясий жана ишкер лидерлерден тармактагы олуттуу кыйынчылыктар тууралуу интервью алчумун. Мен көбүнчө «эмне» болду дегенге караганда «эмне үчүн» болгону жөнүндө көбүрөөк билдирүү жасачумун. «Эмне үчүн» деген кээде фактынын өзүнөн да маанилүү болот эмеспи. Мен иш жүзүндө чындыгында эмнелер жасалып жатканы тууралуу чыныгы маанилүү суроолорду «туура» деп эсептелген моралдык жана этикалык көз караштан

улам берчү эмесмин. Мен деги эле өзгөчө маектешимди суракка алганды жактырчу эмесмин. Мен журналист жасоого милдетүү болгон эң маанилүү нерселерди жасаган жокмун.
Мени туура эмес түшүнүп албагыла: мен ийгиликтерге жеттим, бирок интеллектуалдык пландан алып караганда булардын баары бир аз жалкоолук менен коштолот эле. Мен үчүн менин журналистикам жакшы жумушум болчу, бирок коомдук кызмат эмес эле. Бул менин коомчулугум, шаарым жана мамлекетим үчүн чындап эле мааниге ээ болгонуна карабастан маселелерди чечүүгө түрткү болгон жок. Кайсы бир мезгилде бул мен үчүн жетишерлик деп эсептелбей калды. Бул канааттандырарлык нерсе эмес болчу. Менин коомчулугумдагы менин ишимдин ролун түшүнүш үчүн өз үй-бүлөмдүн мамлекеттик иш менен коомдук иш бири-бирине төп келе турганына кандайча караша турганын ойлой баштадым.
Менин үй-бүлөмдүн башынан өткөргөндөрү тууралуу азыноолак айтып бергенге уруксат бериңиздер. Менин чоң атам менен чоң энемдин энеси британиялыктардын колониясы астындагы Индиядан кургакчылыктан жана карызга баткандан улам жер которуп кетишкен. Менин чоң атам тынчтыктын сакчысы катары Түштүк Африкада чоңоюп өскөн. Ал Индияны өзүнүн зор эмгеги менен 1947-жылы эгемендүүлүккө чыгарган Индиялык күрөшчүл улуу Махатма Гандинин эң жаш шакирти болгон.

Менин атам университеттик билими болбой туруп Канададагы маанилүү саясий кызматка шайланган алгачкы түштүк азиялык адам болгон. Менин апам жадагалса орто мектепти бүтпөстөн, менин атам Канадада ээлеген жогорку кызматтан да жогорку кызматка талапкер болгон. Ал эгерде сыркоолуу чоң энемди караш үчүн шайлоодон баш тартпаган болсо ал кызматка шайланмак да болчу. Мени чоңойтуп өстүргөн чоң энем шайлоого аз калганда ооруп калган. Менин эжем да саясатчы болгон. Ал жергиликтүү жана мамлекеттик шайлоо өкүлчүлүктөрүндө иштеген. Ошондой эле мамлекеттик кызматкер катары да иштеген, шайлоолорго өз талапкерлигин койгон. Үчөө тең: атам, апам жана эжем Канадада иммигранттар болгон, алар буга чейин Кенияда иммиграноттар болушкан. Менин үй-бүлөмдө баардыгы – кош иммиграноттар. Кандай болгон күндө да, алар өз коомчулугун, тандалган коомчулукту жаңы бир күчтүү жана мыкты коомчулукка айландыруу үчүн ак эткенден так эткен күчтүү сезимге ээ болушкан.

Бул жарандык катышууга чейин менин үй-бүлөм экономикалык жана саясий кыйынчылыктарга тушуккан, ал гана эмес куугунтуктоолор болгон. Бирок ошого карабастан алар бир дагы жолу үмүтсүздүккө түшүп же туңгуюкка кептелишкен эмес. Алар өзүлөрүнүн жашоо жолундагы эркин тандоосунда алардын иш-аракеттери текке кетишине эч качан макул болушкан эмес. Ар бир кыйын кырдаалда алар колдорунда болгон ресурстарды бар күчү менен пайдаланууну чечишкен. Мүмкүн болушунча көбүрөөк натыйжага жетишүү үчүн, кээде өзүлөрүнүн турмуш-тиричилиги үчүн, бирок көбүнчө өз коомчулугунун жыргалчылыгы үчүн не деген гана мээнеттерди жасашкан жок. Мен бул иштерди алардын «каармандыгынын кичине кадамдары» деп атайт элем. Мен алардан көп өрнөк алдым. Эми мен түшүнүп жатам, сенин ким экениң, эмнеге жөндөмдүү экениң анча маанилүү эмес, сен ишке ашыргың келип жаткан өзгөрүүлөр, сенин билимиң жана сага берилген мүмкүнчүлүктөрдүн төп келиши маанилүү экен көрсө.
Эми мен азыр аткарып жаткан ролумдун маанилүүгүн толук аңдай алам. Мен журналистмин. Мен жөнөкөй суроолор менен гана чектелген журналист болгум келбейт. Мен эң татаал маселелерди колго алгым келет. Булар менин ресурстарым жана көңүл буруум чындыгында таасир эте ала турган маселелер деп ишенем. Эми силер БАУнун бүтүрүүчүлөрү катары күтүүсүздөн күчтүү ресурстарга ээ болдуңар. Бул жерде суроо

туулат. Силер кандай таасир эте аласыңар? Силердин кичинекей эрдиктериңер кандай болушу керек?

Соңку жаңы тарых мисалдарга жык толгон. Бүткүл дүйнө жүзү боюнча, ал гана эмес Борбордук Азияда да. Айталы, Нарындагы фельдшердин таржымалын карайлы. Аймактын тоолуу болгондугуна байланыштуу медициналык жардамдын жеткиликтүү болушу чоң кыйынчылыктарга учураган мисал. Бир кайраттуу фельдшер вакцина берүү менен гана чектелбестен, ал өзүн агартуу жолуна арнайт. Вакцина тууралуу өзүнүн коомчулугунун укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейишине жан аябай аракетин жумшайт. Балким ал өзүнө анча чоң эмес иштин бир бөлүгүн алгандай, Нарындын тоолук калкына кадимки милдетин өтөп гана жаткандай сезилиши мүмкүн. Бирок ал аз да болсо адамдардын өмүрлөрүн сактап калып жатат. Балким силер ден соолук тууралуу илимдерге кызыкпайсыңар, андыктан силерге бул мисал туура келбейт.

Мунун ордуна азыркы учурда Британияда жеткиликтүү кылуу системасы менен иштеп жаткан Казакстандык постдокторанттын таржымалын алалы. Ал Казакстандагы кыздарга насаатчылык кылып, аларга STEAM тармагында иштөөгө багыт берип жатат. Балким бул дагы анчалык чоң эмес иштир. Бирок ал Казакстандык кыздардын бүтүндөй бир мууну үчүн алардын технологиялык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн эмгектенип жатат. Балким, насаатчылык – бул силер өзгөртүүлөрдү жасоо үчүн зарыл болгон нерсе эместир.

Андан кийин Тажикстандык инженерлердин командасын мисалга тарталы. Алар өлкөнүн кургакчыл аймактарынын бири болгон Хатлондо суунун жетишсиздигин, жашоочулар үчүн таза сууну жеткиликтүү кылууну жакшыртуу үчүн көмөктөшүп эмгектенип жатышат. Бул инженерлер тек гана өз ишин аткарып жатышат, бирок алар ресурстарга багыт алышкан. Алардын иш-аракеттеринин реалдуу масштабы жадагалса анча чоң эмес болсо да масштабдуу деңгээлде ой жүгүртө алган адамдардын энергиясында чындыгында «жугуштуу» бир нерсе бар. Андай адамдарды дүйнөдөгү көйгөйлөрдүн эбегейсиз санда экени коркута албайт. Силер адамдарды терең ойлонууга түртүш үчүн деги эле мыкты дүйнөнү курууга мүмкүнбү деп элестетип негизсиз, акылга сыйбаган нерселерди талап кылышыңар ыктымал. Эми силер ошондой адамдардан болуу үчүн күчкө ээсиңер: сурап жана аракетке өтө турган. Мындай күч-кубатыңарды куру бекер ысырап кылбагыла. Ондогон жылдар өткөн соң силердин балдар жана неберелер силерден эң сонун өзгөрүүлөрдүн жана чакырыктардын ушул мезгилдери тууралуу сурашат. Ушул мезгилде силер окуп билим алдыңар, силер барбаган тобокелдиктер үчүн өзүңөрдү айыптабагыла, ишке ашпаган кыялдар үчүн кыжаалат болбогула. Силердин алдыңарда мүмкүнчүлүктөр менен тандоолордон башка эч нерсе жок. Максатыңарды тандагыла. Өзгөрүүлөрдү тандап алгыла.

Айлана-чөйрөңүздөгүлөрдүн жашоосун мыкты кылууну чечкен болсоңор, анда силер дүйнө жүзүндөгүлөрдүн да жашоосун өзгөртө аласыңар. Бул ишти анча чоң эмес кадамдардан баштагыла. Ар бир кичинекей ийгилик менен силердин күчүңөр артат жана чоң көйгөйдү жакшыраак чече билгенге жөндөмүңөр да арта берет. 2024-жылдын бүтүрүүчүсүн дипломдун аркасында бүтүндөй дүйнө күтүп жатат. Силер сыртка чыгып изилдеп, ачылыш жасап жана дүйнөнү өзгөртүп жатканыңар үчүн абдан кубанычтамын. Акылдуу болгула! Эр жүрөк болгула! Өзгөртүүлөрдү жараткыла!

Жыйынтыктап жатып дагы бир жолу куттуктайм!